**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№1/2026, 272-286

**УДК: 94(574)=512.154**
**DOI:** 10.52754/16948653_2026_1_26

# КАЗАХСТАНДАГЫ КЫРГЫЗДАР: ТАРЫХЫЙ-ЭТНОГРАФИЯЛЫК ЖАНА ЭТНОДЕМОГРАФИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨ

КЫРГЫЗЫ В КАЗАХСТАНЕ: ИСТОРИКО-ЭТНОГРАФИЧЕСКИЕ И ЭТНОДЕМОГРАФИЧЕСКИЕ ИССЛЕДОВАНИЯ

THE KYRGYZ IN KAZAKHSTAN: HISTORICAL-ETHNOGRAPHIC AND ETHNO-DEMOGRAPHIC RESEARCH

**Жумакеева Нуриза**
*Жумакеева Нуриза*
*Zhumakeeva Nuriza*

**студент, Ош мамлекеттик университети**
*студент, Ошский государственный университет*
*Student, Osh State University*

# КАЗАХСТАНДАГЫ КЫРГЫЗДАР: ТАРЫХЫЙ-ЭТНОГРАФИЯЛЫК ЖАНА ЭТНОДЕМОГРАФИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨ

**Аннотация**

Бул илимий иште Казакстандагы кыргыздардын тарыхый-этнографиялык өнүгүүсү комплекстүү түрдө изилденет. Кыргыздардын Казакстандын аймагына көчүп баруу себептерин, миграциялык толкундардын тарыхый шарттарын жана алардын коомдук-экономикалык, саясий процесстер менен байланышын ачып көрсөтүүгө аракет жасалат. Изилдөөдө байыркы мезгилден азыркы учурга чейинки мезгил камтылып, көчмөн кыргыз урууларынын конуш аймактары, ээлеген чарбанын түрлөрү, социалдык түзүлүшү, үй-бүлөлүк жана коомдук салттары этнографиялык материалдар аркылуу талданат. Автор кыргыздардын жергиликтүү калк менен этномаданий өз ара байланыштарын, өздүк маданий өзөктү сактап калуу аракеттерин, тил, үрп-адат жана диний практикалардагы өзгөрүүлөрдү карайт. Ошондой эле Казакстандагы кыргыздардын бүгүнкү күндөгү демографиялык абалы, улуттук өзгөчөлүктөрдү сактоо көйгөйлөрү жана диаспоралык коомчулуктун өнүгүү багыттары көрсөтүлөт. Илимий иш аймактардагы этнографиялык байкоолорго жана статистикалык маалыматтарга таянып, кыргыз диаспорасынын этномаданий динамикасын терең анализдөөгө аракет жасалды. Натыйжада Казакстандагы кыргыздардын тарыхый тагдыры, этникалык өзгөчөлүктөрү жана азыркы коомдогу орду тууралуу илимий негизделген тыянактар берилет.

***Ачкыч сөздөр:*** кыргыздар, казактар, Казахстан, тарых, уруу, эл, каада-салт, маданият

## *КЫРГЫЗЫ В КАЗАХСТАНЕ: ИСТОРИКО-ЭТНОГРАФИЧЕСКИЕ И ЭТНОДЕМОГРАФИЧЕСКИЕ ИССЛЕДОВАНИЯ*

**Аннотация**

В данной научной работе комплексно исследуется историко-этнографическое развитие кыргызов в Казахстане. Предпринята попытка раскрыть причины переселения кыргызов на территорию Казахстана, исторические условия миграционных волн и их связь с социально-экономическими и политическими процессами. Исследование охватывает период с древнейших времен до наших дней и на основе этнографических материалов анализируются ареалы расселения кочевых кыргызских племен, типы хозяйства, социальная структура, семейно-общественные традиции. Автор рассматривает этнокультурное взаимодействие кыргызов с местным населением, их стремление сохранить собственное культурное ядро, изменения в языке, обычаях и религиозных практиках. Также рассматриваются современное демографическое положение кыргызов в Казахстане, проблемы сохранения национальных особенностей и направления развития диаспоры. В научной работе предпринята попытка глубокого анализа этнокультурной динамики кыргызской диаспоры на основе этнографических наблюдений и статистических данных по регионам. В результате делаются научно обоснованные выводы об исторической судьбе кыргызов в Казахстане, их этнических особенностях и месте в современном обществе.

***Ключевые слова:*** кыргызы, казахи, Казахстан, история, племя, народ, традиции, культура

## *THE KYRGYZ IN KAZAKHSTAN: HISTORICAL-ETHNOGRAPHIC AND ETHNO-DEMOGRAPHIC RESEARCH*

**Abstract**

Historical and ethnographic development of Kyrgyz in Kazakhstan is comprehensively investigated in this scientific work. An attempt was made to reveal the reasons for the resettlement of Kyrgyz to the territory of Kazakhstan, the historical conditions of migration waves and their connection with socio-economic and political processes. The study covers the period from ancient times to the present day and on the basis of ethnographic materials, the areas of settlement of nomadic Kyrgyz tribes, types of households, social structure, family and social traditions are analyzed. The author examines the ethno-cultural interaction of the Kyrgyz with the local population, their desire to preserve their own cultural core, changes in language, customs and religious practices. The current demographic situation of the Kyrgyz in Kazakhstan, the problems of preservation of national characteristics and the direction of development of the diaspora are also considered. In the scientific work, an attempt was made to deeply analyze the ethnocultural dynamics of the Kyrgyz diaspora on the basis of ethnographic observations and statistical data by region. As a result, scientifically based conclusions are made about the historical fate of the Kyrgyz in Kazakhstan, their ethnic characteristics and place in modern society.

***Keywords:*** Kyrgyz, Kazakh, Kazakhstan, history, tribe, people, tradition, culture

**Киришүү**

Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан бери коомдун саясий, социалдык, экономикалык турмушунда түп-тамырынан бери реформалар менен катар кыргыз элинде руханий кайра жаралуу процесси жүрүп жатат. Албетте, жаңы тарыхый шартта бул руханий жаңылануу улуттук өзүн-өзү таануу призмасы аркылуу, кыргыз элинин келечегин дагы даана аныктоо жана эгемендүү Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн бекемдөө максатында ишке ашат. Ошол эле учурда адамдар адатта өзүнүн тарыхый өткөнүнө кайрылып, ата-бабаларынын тарыхый жетишкендиктерин баалоого жана дүйнөлүк цивилизациянын казынасына кошкон салымын аныктоого аракет кылышат. Андыктан, эгемен мамлекеттин пайдубалын түптөө этабында «Биз кимбиз, түпкү тегибиз кайда?» деген суроону эркибизден чыгарбай коёбуз. Бул суроолорго илимий жактан негизделген, жүйөлүү жоопторду алуу улуттун улуттук өзгөчөлүгүнө туура багыт берүү үчүн өтө маанилүү.

Ушуга байланыштуу тарых илиминин ролун ашкере баалоо кыйын, ал ишенимдүү булактардын талдоосуна таянып, коом тарабынан коюлган суроолорго жана мезгилдин талабына катуу текшерилген жана негиздүү жоопторду берүүгө тийиш. Ошондуктан, акыркы жылдарда профессионал тарыхчылар тарыхый булактардын бүткүл спектрин талдоо менен, саясий, социалдык-экономикалык, маданий жана этникалык процесстерди изилдөөдө жаңы методологиялык ыкмаларды колдонуу менен ата-журттун такталган тарыхын хронологиялык тартипте берүүгө аракет кылып келишет.

Кыргыздар - Борбордук Азиянын эң байыркы элдеринин бири. Алар Сибирдин көчмөн урууларынын биринчи бирикмесин - кыргыз каганатын түзүшкөн. Бул ат биринчи ирет гунндар каратып алган уруулардын катарында “гэгунь” же “цзянь-гунь” падышачылыгы делинип биздин заманга чейинки 201-жылдын этегиндеги жылнаамаларда учурайт. Гяньгундар сыягы ал кезде Саян кырка тоосунан түштүгүрөөктө, азыркы түндүк-батыш Монголия аймагында ушул кезге чейин Кыргыз-Нур деп аталып жүргөн көлгө жакын жашап турушса керек. Биздин заманга чейинки I кылымдын башталышында гунндар Хакас-Минусин ойдунун басып алган кезде бул жерде тагар маданиятынын эстеликтерин калтырган динлин уруусу жашаган деп болжолдошот. Гунндардын 150 жылга созулган бийлигинин тушунда Хакас-Минусин ойдунунда гяньгунь уруусу пайда болот (ал бул жакка гунндардын кысымы астында жер которуп келген же болбосо күчкө салып көчүрүлгөн болуш керек). Ошол мезгилден тарта Гянь (б. а. Кем-Енисей) дарыясы агып өткөн Хакас-Минусин ойдуңу гяньгунь (кыргыздар) уруусу байырлаган аймактын ортолугу болуп калган. Бул жерде динлиндер менен гянь-гунндардын урук-урку аралашып, натыйжада калктын жаңы түрү келип чыккан. Чачы сары, көзү көгүш динлиндер монголтейиндеги түрк тилдүү гяньгундарга кошулуп кеткен. Аргындашкан элдин түспөл-тейи таштык маданиятынын тушундагы көрүстөн бет кептеринен таасын көрүнөт. Бирок андан кийинки кылымдарда да кыргыздар менен бирге Хакас-Минусин ойдуңунда, ага чектеш тоолордо угор жана самодий тилинде, ал эми түндүк-батышта Енисейдин төмөнкү, Ангаранын жогорку алабында кет тилинде сүйлөгөн башка уруулар жашашкан.

Балким, палеоазиялыктар - кеттер жарым легендалуу ошол динлиндердин тукуму болгон чыгар. Андан кыйла кийин да кыргыздардын ошол эзелки динлиндерден келип чыккан издери табылган. Тан династиясынын жылнаамаларында кыргыз мамлекети “хагас” деп аталган.

Жылнааманын түшүндүрмөсү боюнча, бул термин кыргыздардын атын уйгурлар бурмалап айтышкандан улам келип чыккан, кыргыздарды алар өң-түсүнө карап ушинтип аташкан, анткени кыргыздар сары чачтуу, кызыл жүздүү жана "абий көздүү келишкен (Жусупов, 1993, Б.107).

Биздин замандын VI кылымынан тартып кыргыздардын Саян тоосунун түндүгүндөгү Ортонку Энесай жерин байырлап турушканы тарыхта так белгилүү. Муну ак сөөк түрк будуңдарынын бири - Ашина уруусунун жазма санжырасы ырастайт. Анда айтылгандай, Надулу Шаддын Цигу (кыргыз) ысымдуу бир тууганы «Афу жана Гянь сууларынын ортосунда» (Абакан менен Енисейдин), азыркы Койбал талаасында падышалык кылган. Бул иш V кылымдын этегинде - VI кылымдын башталышында, б. а. жужан каганы түрктөрдү «Алтай тоо кийин болушу сунун түштүгүнө» көчүрүп келгенден ыктымал. Түрктөр ал кезде жужандардын букаралыгында турган, гаогюй динлиндери (теле калкы) менен болгон чабыштарга катышкан, кийин монгол жана тоолуу Алтайга көчүрүлгөн. Аскер көчкүндөрү катары алар Батыш Монголстан менен Саян-Алтай чөлкөмүндө жужан каганатынын бийлигин кармап турууга тийиш болгон. Демек Цигунун Энесайда падышалык кылганы ал жер жужандардын карамагына киргенин билдирген.

Биздин замандын IX-X кылымдары кыргыздардын тарыхында өзгөчө орунда турат. Бул мезгилди В. В. Бартольд адилеттүү түрдө «улуу кыргыз мамлекетинин» доору деп атаган. Ал чынында эле кыргыз тарыхынын жылдыздуу сааты болгон: уйгурлар менен жоолашып, узакка созулган согуштарда кыргыздардын жоо-жарагы таң калаарлыктай жеңиштерге жетишкен, Борбордук Азиянын көз кайкыткан бүткүл түзөң жайыгында кыргыздардын ооматы жүрүп, зоболосу көкөлөп турган. Дал ушул доордун даңазасы менен алар тарыхка өчпөс изин калтырган, ошол орто кылым кезениндеги элде-дин санжыра-санатына кирген, соңку жаңы дүйнөдө болсо такай тарыхчылардын көңүлүнөн түшпөй келет. Кыргыздардын Борбордук Азиядагы тарыхына кы-зыгуу кайсы бир элдин этно-маданий жактан өнүгүшүн изилдеп-үйрөнүү менен гана байланышкан иш эмес, анын алкагынан алда канча алыска чыгар маселе. Анткени IX-X кылымдардагы кыргыздар себепчи болгон окуялар бүткүл борбор Азия жайыгындагы этномада-ний өнүгүү багытын кескин өзгөрттү; уйгурлардын Чыгыш Түркстандан Байкалдын атырабына чейинки аралыкка таруудай чачып бытыратты; кымак шаркетчилигинин биримдешүүсүнө көмөк берди; кыргыздар үчүн Тенир-Тоого (Тянь-Шанга) жол ачты да, монгол тилдүү көчмөндөрдүн дүйнөлүк тарыхтын кан жолуна аттанып чыгар алдындагы шандуу шоокуму болуп берди. Келберсиген кенири аймактын тарыхында биринчи мерте түндүктүн алыскы түпкүрүн - Минусин ойдуңун байырлап турган үркөрдөй бир ууч көчмөн эл үстөмдүк абалга жетти (Жусупов, 1993, Б.200).

Ар кандай уруулар, этникалык топтор менен байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардын өз ара алакада болуп, аралашуусунун натыйжасында Теңир Тоодогу түркий эл катары калыптануу процесси болду. Бул процесс орто кылымдары Энесай, Обь дарыяларынын алабынан жана Алтайдан Теңир Тоого чейинки ай-мактарда көптөгөн ар кыл саясий окуяларды камтып, 3 этапта өткөн. Биринчи этабы байыркы доорлордон белгилүү кыргыздардын V-IX кк. Энесайдагы Кыргыз кагандыгынын мезгилинде коңшу түркий жана башка сибирдик элдер менен аралашып, кыргыз элинии калыптанышы менен бүткөн. Экинчи этабы IX кылымдын ортосунан XIII кылымдын ортосуна чейинки мезгилди камтыйт. Бул

доордо кыргыз топтору - Энесайдан Түндүк Кытай, Орто Азия, Итил боюна чейинки кеңири аймакка тараган; алар кийинки Теңир Тоо кыргыздары, Фу-йу кыргыздары, Сибирь кыргыздары, лобтуктар, моңголдошуп кеткен кыргыздар, башкырттарга аралашып кеткен кыргыздардын ата-бабалары болушкан. XII к. Түндүк-Батыш Моңголияда кыргыздарды Эниаткан бийлеген учурда наймандарга жеңилген. Ра-шид ад Дин боюнча: ошол доордо кыргыздардын коңшулары найман, кори, баргы, тумат, байаут уруулары болгон. Мында кори уруусу «фури» - якут (саха). IX-XII к. Теңир-Тоого журт которуп келген кыргыздар жергиликтүү түрк элдерине (чигил, йагма, тухсы, айрым кыпчак, карлуу уруулары ж. б.) аралашып кеткен; аларга XIII кылымда кыргыздардын жаңы топтору жана Борбордук Азиядагы бир катар түрк-моңгол урууларынын кошулушу менен жаңы этникалык шарт түзүлгөн. Теңир Тоодогу кыргыздардын өзүнчө эл катары калыптануу процесси үчүнчү этапка таандык болуп, негизинен XIII кылымдан XV кылымдын акырына чейин өткөн. Кыргыздардын этникалык өзөгүн IX-XIII кылымда Түштүк Сибирден Борбордук Азия аркылуу Теңир Тоого журт которуп көчүп келген Энесай кыргыздары, ошондой эле Батыш Түрк, Түргеш, Карлуу, Каракандар, Кара кытайлар кагандыктарынын тушунда Теңир Тоо аймагында жашаган жер-гиликтүү көчмөн түрк элдери түзгөн; аларга иран, моңгол ж. б. тилдерде сүйлөгөн элдердин айрым топтору аралашып сиңип кеткен. XVI кылымга чейин кыргыз эли негизинен оң канат, сол канат, ичкилик болуп үч топко жиктелип, Теңир Тоодогу башка элдерден айырмаланган өзүнчө эл катары калыптанган. XVI-XVII кылымда кыргыз элине Теңир-Тоодогу кыргызча сүйлөгөн ичкилик уруусунун көчмөн могол урууларынан (кыргыздын моңолдор уруусунун ата-бабалары) тышкары айрым өзбек, казак жана ногой уруулары кошулган. XVII-XVIII кылымда Сибирь кыргыздарынын айрым топторун ойроттор Жунгарияга зордоп көчүрүп кеткен. Алардын бир бөлүгү Энесайга кайтып, бир катар бөлүктөрү алтайлыктарга казактарга, кыргыздарга аралашып кетишкен; чакан бөлүгү Чыгыш Түркстандагы калмак-кыргыздар (тарбагатай кыргыздары) тобун түзгөн. Кыргыздар XVI кылымга чейин эле эл катары калыптанып бүткөнү менен кийинки доордо деле жаңы этникалык топторду өздөрүнө сиңирип алып турган. XIX кылымда аларга сарт-калмак этностук тобу кошулган (Сыдыкова, 2003, Б.418-419).

VII-XII кк. Монголияда, Түштүк Сибир, Орто Азия аймактарында балбалдарга, тиричилик буюмдарына түрк элдеринин тилинде жазылган жазуу эстеликтери Орхон жана Эне-Сай жазуулары деп аталат. Мындай жазуу эстеликтери Тывадан, Тоолуу Алтайдан, Якутиянын түндүгүнөн жана Кыргызстандын Талас өрөөнүнөн табылган. Окумуштуу бул жазуу VIII к. жазылган деп белгилеген. Сунга чер токою менен Барс деген эки маалымат кыргыз каганы Барсбек тууралуу экенин окумуштуу С. Г. Кляшторный чечмелеген. Кыргыз тарыхы үчүн бул эпитафиянын баасы Эне-Сай кыргыздарынын VII-VIII кк. Борбордук Азияга, Теңир-Тоого, Кытайга, Тибетке, Жети-Сууга данкы чыккан ири инсан тууралуу аз болсо да биографиялык кабар берет (Осмонов жана Мырзакматова, 2000, Б.14-16).

XV-XVIII кк. кыргыздар өз алдынчалыгын сактап калуу үчүн күрөшүн уланткан. Ошол мезгилде Орто Азияда, Моголстанда жана Казакстанда олуттуу саясий окуялар болуп өткөн. Казакстандын батыш тарабындагы калааларда жашаган көчмөн өзбектердин ордолору Амир Темир негиздеген мамлекет-тин алсыраганынан пайдаланып ага кол салып, толук ээлеп алышкан. Алтын Ордонун чыгыш тарабындагы көчмөн уруулар XV-XVI кк. Өзбек хандын

атынан улам «өзбек» деген ат менен белгилүү болушкан. Шейбани хандын колун түзгөн көчмөн өзбектер Амир Темирдин урпактарынан бийликти тартып алган.

Амир Темирдин урпагы Захириддин Бабур (1483-1530-жж.) өзбек көчмөндөрүнө башкалардан көбүрөөк каршылык көрсөткөн. Чагатайлардын акыркы тукуму Бабур «Кыргыз падышасы» деп аталган Акмат Алача хандын жээни болгон. Таяке-жээндин ымаласы ысык эле. Бабур Оштогу Сулайман тоосуна чакан үй курдурган, ал үй бүгүнкү күндө да зыярат жайы болуп саналат. Ал ошол үйдө ээн отуруп алып ыр, ангеме жазып, эс алуучу экен. Өз мезги-линде ал акылман, ойчул, тарыхчы, ар кыл өнөрлүү, жогорку билимдүү киши болгон. Ошону менен бирге кыраакы жоокер, мыкты аскер башчы эле.

Бабур көчмөн өзбектер менен кармашып, аларды нечен ирет жеңип чыккан. Самарканд нечен жолу колдон колго өтүп, акыры 1504-ж. өзбектер Бабурду жеңип, биротоло кууп салышат. Ал Ысар (Гисар) тоолору аркылуу Афганстанга Кабулга кетет. Ал жакка анын артынан Орто Азиянын ар бурчунан өзбектердин Шейбани бийлигине кызмат өтөөнү каалабагандардын баары келе берген. Күч топтоп алып Бабур Кабулдан Түндүк-Батыш Индияга (1510-ж. баштап) жортуул жасап, акыры женишке жетишип, ал жерде Улуу Моголдор империясын негиздеген жана ал мамле кет Улуу Британияга баш ийгенге (1526-1858-жж.) чейин жашаган.

Бабур 1493-1529-жж. окуяларды камтыган мемуардык «Бабур Наама» деген китеп жазган. Бул китепте Бабурдун өмүр баяны, Орто Азиядагы, Афганстандагы, Түндүк Индиядагы тарыхый окуялар жөнүндө чындык жымсалданбай ачык жа-зылган. Мында Кыргызстандын саясий тарыхына байланыштуу маанилүү аалыматтар да бар. Андан тышкары Түштүк Кыр-гызстандын тоолуу аймагын мекендеген кыргыз уруулары тууралуу айтылат. Моголстан мамлекетинде да чоң өзгөрүүлөр болду. XVI к. башында анын түндүк тарабын кыргыздар ээлеп алат. Ошол кездеги бир тарыхчынын 1510-ж. карата «Кыргыздардын айынан Моголстанда моголдордон бир да жан калган эмес» деп жазганы бар. 1514-ж. могол хандарынын бири Султан Саид Кашкарды басып алып, мырза Абу Бекрдин бийлигин жойгон. Бул күрөштө ага Мухаммед Кыргыз зор кызмат көрсөткөн. Бирок көп узабай эле Султан Саид кыргыздарга каршы (1517-ж.) аттанган.

Ички ырк кетүүдөн жана тышкы душмандардын кесепетинен ыдырай баштаган Моголстандын аргасы түгөнгөн кезде Мухаммед кыргыз урууларынын башын бириктирген. Ал кыргыз уруулары менен уруктарынын биргелешкен күчтөрүн чыңдоого, кыргыздардын этностук аң-сезиминин өсүшүнө өбөлгө түзөт.

Мухаммед (туулган, өлгөн жылдары белгисиз) азыркы Кыргызстандын аймагында жашаган кыргыз урууларынын «оң» жан «сол» канаттарын биринчи болуп бириктирип, бекемдеген. Ал гана эмес Мухаммед кыргыз урууларынын биригишинин келечегин көрө билип, тышкы алаканы да ошого ыңгайлаштырган. Могол хандары Кыргызстанды жана Казакстандын түштүк-чыгыш аймактарын басып алууга аракеттенип жатканда Мухаммед аларга каршы өзүнө ишенимдүү союздаш боло турган казак султандары менен ымала түзө баштайт. Ошондуктан Сыр-Дарыянын жээгиндеги шаарларды, ошондой эл Орто Азиянын отурукташкан аймактарын ээлеп алууга аракеттенген. Шейбанилерге каршы аттанган калак султандарынын жортуулдарында кыргыздар Мухамеддин жетекчилиги менен жигердүү

катышат. Кыргыз кошуундары Түркстан, Сайрам, Ташкент, Анжиян, Аксы ж. б. жерлерге чейин жеткен. Түркстанга жортуулдун убагында ал өзбектердин ханзаадасы, ал убакта Самаркандда акимдик кылып турган Кучкунчи хандын уулу Абдулланы колго түшүрүп алып, бирок кайра бошотуп жиберген. Бул Султан Саид үчүн кыргыздарды чаап алууга шылтоо болгон.

Моголдор ханы кыргыздарга 1517-ж. басып кирген. Анда Мухаммеддин ордосу Ысык-Көлдүн түштүгүндөгү Барскоон деген жерде болгон. Кармашта кыргыздардын колу талкаланып, Мухаммед колго түшүп, Кашкарга алып кетишет. Бирок ал абакта көпкө деле кармалган жок. Саясий абалды салмактап туруп, Султан Саид аны 1518-ж. бошотуп, 1522-ж. өзүнүн уулу Абдар Рашид менен кошо мекенине жөнөтүп жиберет. Ала-Тоо аймагына келгенден кийин Мухаммед кайрадан кыргыз урууларына башчы болуп, моголдорго каршы ого бетер күч топтой баштайт. 1524-ж. кыргыздардын жергесине (Кочкорго) казактардын ханы Тахир келет. Моголдорго каршы Мухаммед аны менен ымала түзөт. Аны билип калып, Султан Саид 1525-ж. Мухаммедди карматып, Кашкарга айдап жиберет, ал жерде ал 1533-ж. хан өлгөнгө чейин болот (Осмонов жана Мырзакматова, 2000, Б.112-113).

Могол хандарынын Түндүк Кыргызстанды ээлеп алууга жасаган аракеттери ишке ашкан эмес. Кыргыздар казактар менен биргелешип, өз эркиндигин коргой алышкан. Султан Саиддин мураскери Абд аль-Рашид (1533-1560-жж.) Шейбанилер менен бирге кыргыздарга жана казактарга каршы бир нече жортуул жасайт. Бирде женип, бирде женилген кыргыз-казак кошуунун Хакк-Назар (Касымдын уулу. Тахирдин иниси) башкарган. Андан кийин казактардын колун Тахирдин бир тууганы Буйдаш хан башкарат (1560-ж. чейин).

Орто Азияга 1558-ж. келген англиялык саясатчы А. Женкин сон ошол убакта казактар Ташкентке, кыргыздар Кашкарга кайрадан коркунуч туудуруп жатат деп укканын жазган. Чынында эле Абд аль-Рашиддин мураскери Абд аль-Карим хандын тушунда (1560-1591-жж.) могол төбөлдөрү кыргыз аймактарына катылуудан баш тартышкан. А бирок кыргыз уруулары казак ханы Тахир дин, Ташкент, Анжиян, Сайрам, Түркстан ж. б. шаарларына жасаган жортуулдарына активдүү катышып турган. Тахирдан Ташкентке жана Ферганага (Шейбани Султан Мукамбет ханга) каршы согушкан 200 миң аскерлеринин көбүн кыргыздар түзгөн деген маалымат бар.

Казак хандыгы менен ымаланы негизинен түндүк кыргыз урууларынын төбөлдөрү түзсө, ошол эле мезгилде түштүк кыргыз урууларынын башчылары Шейбанилер менен жакшы мамиледе болушкан. Жалпы жонунан кыргыздардын жана казактардын могол Шейбани феодалдары менен жүз жылдап тирешүүсү биринчилердин пайдасына аяктаган.

XVI к. аягы XVII к. башталышында Бухарада Шейбани лердин бийлиги кулап, Аштарханилер бийликке келген. Аштарханилер династиясынын (1599-1767-жж.) тарыхы өзбек урууларынын, каракалпак, казак, калмактардын саясий күрөштөрү менен тыгыз байланыштуу. Династиянын саясий иштерине кыргыз уруу төбөлдөрү да катышкан. Өзгөчө казак ханы Тобокелдин тегерегине топтолгон кыргыз жана казак урууларынын саясий аскердик биримди гинин кубаты күчогон. Тобокел хан кыргыздардын жардамы менен 1598-ж. кыска убакыттын ичинде Сыр-Дарыянын оң жээгиндеги бардык шаарларды каратып, Самарканд менен Бухараны көздей жонойт. Бухаранын жаңы башкаруучулары Аштарханилер

кыргыз-казак аскерлеринин кысымын арандан зорго токтотушат. Аштарха нилердин алгачкы хандары Бакы Мухаммеддин (1603-ж.) жана Вали-Мухаммеддин (1606-1610-жж.) жортуулдары ордунан чыккан эмес. Ошондуктан Аштарханилердин кийинки мураскери Иманкули хан (1611-1641-жж.) кыргыз жана казак феодалдары нын Ташкент менен Түркстандагы бийлигин таанууга аргасыз болгон. Бирок 1635-ж. жакшы даярдануудан кийин Имамкули хан казак менен кыргыздарга каршы аттанган. Көп жеңиштерге ээ болуп олтуруп акыры Сыр-Дарыянын он жээктерин өз көзөмөлүнө дүнө кайтарып алган.

Алай менен Каратегинди жердеген «сол» канаттагы түштүк кыргыз уруулары XVII к. башында батышка, Гиссар жана Куляб тарапка жер которо баштаган. Каратегин Тажикстандагы Гиссартоосунун түштүк тарамы. Бул тоолуу аймак аркылуу Памир-Алай, Фергана, Түндүк Афганстандын элдери эзелтен эле бири-бири менен байланышта болушкан. Кыргыздар бул жерде XIII к. пайда болушу ыктымал. 1636-ж. Гиссарга кыргыз уруусунан 12 мин үй-бүлө же 60 миндей киши келген. Сыягы, кыргыз урууларынын бул жоон тобу Гиссарга Ыртыш жана Тоолуу Алтай тараптан келген болуу керек. XV к. Ала-Тоо аймагына кыргыздардын көпчүлүгү көчүп келген. Жаны келген кыргыздар дароо ислам динин кабыл алган. Бир нече кыргыз уруулары жергиликтүү өзбектерге сиңишип кеткен сыяктуу (Осмонов жана Мырзакматова, 2000, Б.114-115).

Жогорудагы аталып кеткен бир нече тарыхый окуялардын негизинде айта алабыз: кыргыз эли кылымдар бою сан жеткис жерлерге көчүп-конуп жашап келген. Улуу көчтөрдүн, саясий-басымдардын, жаратылыш кырсыктарынын жана тарыхый жагдайлардын айынан кыргыздар айрым аймактарда өз мекенинен алыстап, башка элдер менен аралашып, ошол өлкөлөрдүн курамында калып калган учурлар аз эмес.

Ушунун натыйжасында бүгүнкү күндө дүйнөнүн бир нече бурчунда этникалык кыргыздардын өз алдынча топтору жашап келет. Алардын ар бири өзүнүн тарыхый жолуна, маданий өзгөчөлүгүнө жана жашоо мүнөзүнө ээ:

- Кытайлык кыргыздар – негизинен Кытай Эл Республикасындагы Шинжаң аймагында, өзгөчө Кызыл-Суу Кыргыз автоном облусунда жашашат. Алар кыргыз тилин, салтын, маданиятын сактап калган эң ири диаспоралардын бири.

- Памирлик кыргыздар – Тажикстандын Тоолуу-Бадахшан автоном облусунда жана Афганистандын Памир аймагында жашайт. Алар дүйнөдөгү эң бийик тоолордо жашаган кыргыздар катары белгилүү. Өз алдынча өзгөчө этномаданиятты сактап келишет.

- Мургабтык кыргыздар – Пакистандын Хунза, Читрал, Гилгит өңдүү аймактарында жашаган чакан, бирок өз тамырын сактаган этникалык кыргыздар. Алардын тилинде, каада-салтында байыркы кыргыз элементтери күчтүү.

- Кашмирлик кыргыздар, Андижандык кыргыздар, Алтай кыргыздары, Тибеттик кыргыздар сыяктуу да бир катар тарыхый чечилгис жолдор менен түзүлгөн этникалык топтор да бар.

- Өзбекстандагы кыргыздар. Фергана өрөөнүндө – Андижан, Наманган, Фергана. Советтик чек ара бөлүнүшүнөн кийин Өзбекстан аймагында калып калган топтор. Айрымдары отурукташкан, кээ бир айылдар азыр да таза кыргыз айылдары бар.

- Казакстандагы кыргыздар. Жамбыл, Алматы, Чымкент аймактарында көп. Айрым кыргыз уруулары казак уруулары менен аралашып кеткен. Көбү XIX к. Кокон хандыгы, андан кийин совет доорунда көчүп баргандар.

Булардын бардыгы кыргыз элинин тарыхтагы кеңири жайылышын, көчмөн маданияттын масштабдуулугун жана кыргыздардын дүйнөнүн ар кайсы бурчуна тарагандыгын тастыктайт.

Ошондой эле ушул кошуна эл, бир боорлош казак элинде, башкача айтканда Казакстанда жашап жаткан этникалык жана азыркы учурда миграция жолу менен барып отурукташкан кыргыздарга токтолсок, алардын тарыхый жана коомдук-маданий абалы да өзгөчө орунду ээлейт.

Тарыхый булактардан белгилүү болгондой, казак жериндеги кыргыздардын бир бөлүгү байыртан эле Жетисуу, Чүй, Жамбыл жана Төрткөл тараптарында коңшулаш жашаган. Алардын айрым уруулары казак уруулары менен тектеш, тили жана маданияты да окшош болгондуктан биргелешип жашоо табигый жүргөн. Ушунун натыйжасында бул аймактарда этникалык кыргыздардын өз алдынча жамааттары түзүлүп, алар өздөрүнүн салтын, тилин, үрп-адатын азыркы күнгө чейин сактап келишкен.

Ал эми акыркы он жылдыкта Казакстанга миграция жолу менен барып, иштеп, билим алып же туруктуу жашап калган кыргыздар да көбөйдү. Бул топко студенттер, жумуш издеп баргандар, үй-бүлөлүк себеп менен көчкөндөр жана ар кандай адистик боюнча иштеген мекендештерибиз кирет. Алар да жергиликтүү коомго тез аралашып, ошол эле учурда өз улуттук өзгөчөлүгүн сактап, кыргыз маданиятын улантып жүрүшөт.

Мен, Жумакеева Нуриза, ОшМУнун тарых жана юридика институтунун студенти катары Казакстандын Астана шаарындагы Евразиялык Улуттук Университетинде билим алып жатып, ушул аймакта кыргыздар көп санда жашай турганын байкап, алар тууралуу изилдөө жүргүзүүнү туура көрдүм. Анткени мен бул көрүнүшкө өз көзүм менен күбө болдум: шаарында да, базарында да, соода борборлорунда да көптөгөн кыргыз мекендештерибиз эмгектенип, өз оокатын таап жүрүшөт.

Базарлардагы ишкерлерден, кызмат көрсөтүүчү мекендештерибизден, жөн гана бул жакта жашап калган адамдардан сурап көрсөм, көбүнүн айтымында, Кыргызстанда жумуш орунунун жетишсиздиги, экономикалык кыйынчылыктар жана социалдык шарттардын начарлыгы аларды Казакстанга барып иштөөгө түрткү берген. Алардын арасында күнүмдүк эмгек менен акча таап, үй-бүлөсүн багып жаткан жаштардан тартып, көп жылдан бери ушул жерде иштеп калып, толук кандуу жашоосун Астана шаарына байланыштырып калгандар да бар.

Мындан тышкары, айрым кыз-келиндердин айтымында, алар Казакстанга турмушка чыгып, толугу менен казак элинин арасында отурукташып, жаңы чөйрөгө адаптация болуп,

ошо жерде жашоосун улантууда. Ошентип, бул аймактагы кыргыздар – тарыхый себептер менен келген этникалык топтор гана эмес, бүгүнкү күндүн миграциясы аркылуу пайда болгон жаңы муундар экендиги даана байкалат.

Кордайды жердеген кыргыздар. Кыргыз-казак чек арасына жакын Казакстандын Кордай районунда 2000 ге жакын этникалык кыргыз жашайт. Бишкектен 30 чакырым гана алыстыкта жайгашкан бул район Кыргызстан менен тыгыз байланышта. Эки эл кыз берип, уул үйлөп, соода тармагында да мамилесин үзбөй келишет.

Информатор катары Суусар Семетаева Кордайда жашаган кыргыздар көп экендигин айтып, өзү жолдошу менен 9 жыл мурда көчүп келишкенин билдирди. Тили бурулбаган кыргыздарга кыргызча, казактарга казакча сүйлөйт экен. Атасы казак, апасы кыргыз жана “гегетилик” уруусунан чыкканын кошумчалап, өзү Кантта туулуп-өскөнүн айтат. Ошондой эле, алар жолдошу экөө Кордайдан жер тилке сатып алып, үй курушканын, короодогу арча менен алмаларды Кыргызстандан алып келип отургузгандыгын да белгилейт (https://youtu.be/Oj5mw_WvI-0?si=s2Pawc0XoWPgqP0).

Суусар жолдошу менен Бишкекте окуп жүргөндө таанышып, баш кошушкан. Кордай Бишкекке жакын болгондуктан, бул аймактагылар Кыргызстанга окуу же иш менен көп катташат. «Кирип-чыгып каттап турабыз» - дейт ал. Чек арадан өтүп, Бишкектин базарларынан соода кылып келишерин да айтат. Суусар бала карап, үй иштери менен алектенет, жолдошу Эсен курулуш иштерине чыгып, үй-бүлөсүн багат. Эсен буйрутмаларды Кордайдан гана эмес, Казакстандын башка шаарларынан да алат. Кордайдагы турмуш-тиричилик Чүйдөгүдөй эле: мындагы эл мал багып, күнүмдүк иштери менен алектенет. Ал өзүнүн аты менен көк бөрүгө барып жүргөнүн да белгилейт. Эсен Акматов бир жыл мурун Казакстандын жарандыгын алган. Ал муну пандемиядан кийин коңшу өлкөдө чет жерликтерге карата чектөөлөр жана эрежелер күчөгөнү менен түшүндүрдү. Суусар менен Эсен бир уулду тарбиялап жатышат. Ар апта сайын Кыргызстандагы туугандарыныкына барып-келип турушат. Бирок азырынча өздөрүнүн турмушун Кордайга гана байлашканын айтышты.

Информатор Жанышбек Гүлжигит уулу Кордайдын так борборунда чакан базар бар. Мында Кыргызстандын Дордой базарынан алынып келинген кийим-кече жана Бишкектен жеткирилген азык-түлүктөр сатылат. Жанышбек апасы менен Кордайда соода кылат. Апасы Бумайрам Суранчиева 20 жыл мурун мугалимдик ишин таштап, Оштон Кордайга келип, ошол бойдон калып калган. Апасы Бумайрам Суранчиева бир нече жыл мурун Казакстандын жарандыгын алган. Ушул жерде уул үйлөп, кыз узатып, тиричилигин кылып жаткан аял коңшу өлкөгө бооруна батырып алган казак элине ыраазы экендигин билдирди. Жанышбек Гүлжигит уулу Кордайда үйлөнгөн. Кыргызстандын жарандыгы менен жүргөн Жанышбек соңку эрежелерге ылайык Казакстанда жарым жыл ичинде 90 күн гана жүрө алат. Ал сыяктуу мигранттар убактылуу жашоого уруксат алуу документтерин даярдап же жарандык алууга аракет кылып жатышат. Жанышбек болсо бир күнү туулуп-өскөн айылына кайтып барам деген тилек менен жүрөт (Жанышбек Гүлжигит уулу).

Камила Жумабаева 2023-жылы январь айында Казакстан кабыл алган эрежелер бул өлкөгө тез-тез каттаган мигранттарды түйшөлткөн. Кордайдан чек арадан күн алыс өтүп жүргөн кыргызстандык дарыгерлер арбын. Медайым Камила Жумабаева 2018-жылы

Казакстандын жарандыгын алып, биротоло Кордайга көчүп келген. Ага чейин күн сайын чек арадан өтүп, эки өлкөгө каттап иштеп жүргөн. Бул мамлекеттик бейтапканада 10дон ашуун кыргызстандык дарыгерлер иштейт. К. Жумабаева Кордайдагы ишине, жашоо-тиричилигине көнө түшкөн. Ал Кордайдын айылдарында казак жигитине турмушка чыккан кыргызстандык кыз-келиндер көп экендигин айткан (Камила Жумабаева).

Калдыгүл Теребаева 1978-жылы казак үй-бүлөсүнө келин болуп келген, өзү Канттын кызы. Ал бул аралыкта казактардын тилин, маданиятын, салтын жакшы өздөштүрүп алган. Ал да мындагы башка келиндердей эле жолдошу менен Кыргызстанда окуп жүргөндө таанышып, Кордайда баш кошуп калган. Айнагүл Багышова - Калдыгүлдүн өкүл кызы. Ал бала бакчада иштейт. Айнагүлдүн айтымында, алар жашаган айылда казакка турмушка чыккан Ош, Талас, Суусамыр, Нарын жана башка аймактардан келген келиндер көп. Алар кыргыз кыздары тез эле башка үй-бүлөгө аралашып, тиричилик кылып кеткенин белгилешет. Кызыгы, Кордайдын аймагында Кыргызстандын телеканалдары тартат, айрым байланыш операторлору да иштейт экен. К. Теребаеванын жолдошу каза болуп, ал Кордайда үч баласы жана неберелери менен жашап жатат. Аралыгы жакын болгону менен чек аралар бөлүп турган коңшу өлкөдө жашаган журтташтардын тилеги чекаралардын ар убак  ачык болушу (Калдыгүл Теребаева).

Казакстандагы этникалык кыргыздардын каада-салттары жөнүндө маалымат алуу үчүн Таразда жашаган этникалык кыргыз Динара эже менен баарлаштык. Ал төмөнкүлөргө токтолду: “Негизинен биз казактардын бир канча салтын кабыл алганыбыз. Балдарыбызды кыргыз мектеп жок болгондуктан, казак жана орус тилдеринде окутабыз. Ошондой эле казактардан кыз алып, кыз беребиз. Алгач кыз узатуу жөнүндө айтып берсем. Бизде кыздарга күйөө тарап калың (акчалай) алып келет. Кызды узаткандан кийин эртеси күнү күйөөнүн үйүндө “бет ачар” болуп өтөт. Анда жаңы келин кайын-журтуна жүгүнүп салам берип, акча алат, анан келиндин бетин ачышат. Ошондой эле, жаңы келин кайын-журтуна, кошуналарына келген конокторго таттуу чай берет. Тойдон кийин милдеттүү түрдө таттуу чай ичкенге келишет. Анын мааниси өмүрү таттуу болсун дегенди билдирет”, - дейт Динара эже. Ошондой эле, анын айтымында, келин жаңы келгенден баштап кайнатасына, кайненесине өмүрүнүн акырына чейин күндө эртең менен 3 жолу жүгүнүп салам берет. Ал эми күйөөнү тойдон кийин “үй көрсөтүү” деп кыздын үйүнө чакырышып конок кылышат. Анда күйөөгө кыздын үйүн көрсөтүп, кымбат буюмдарды белекке беришет. Бул тойдон кийин сөзсүз өткөрүлөт. Дагы бизде маанилүү болуп бала 1-класска барганда “тил ачар” тоюн өткөрөт. Анын мааниси бала жакшы окусун билимдүү адам болсун деп элге той берет. Ошондой эле, бешик той бала төрөлгөндөн кийин жана тушоо кесүү бала 1 жашка толгондо өткөрүлөт”, - деп жыйынтыктады Динара эже (https://kg.archive.kabar.kg/news/kazakstandyk-kyrgyz-kelinder-m-r-n-aiagyna-cheiin-zh-g-n-sh-t).

Кыргыз этномаданий бирикмелери Казакстанда маданий мурасты жайылтуу менен бирге, социалдык колдоого муктаж болгон адамдарга да көмөк көрсөтүп келет. Алардын белгилүү долбоорлору өзгөчө муктаждыктары бар жарандардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган. Казакстандагы кыргыз этномаданий бирикмеси өзгөчө муктаждыктары бар адамдарга кантип жардам берет. Казакстанда кыргыз маданиятын сактоо, өнүктүрүү жана жайылтуу менен 11 аймактык этномаданий бирикме алектенет. Астанадагы бирикме 19 жылдан бери иштеп келет. Бул убакыт ичинде Казакстан элдер ассамблеясынын

уюму кадимки концерттик программалар жана театр гастролдорунан сыртка чыгып, коомдук мааниси жогору социалдык долбоорлорго өзгөчө көңүл бурганын BaigeNews.kz басылмасы маалымдайт.

Этномаданий бирикменин ишмердүүлүгү тилди, салттарды жана тарыхты үйрөнүүгө багытталган. Мисалы, Астанада эки атайын мектеп иштейт: этно-лингвистикалык «Кут билим» жана эпостук чеберчилик мектеби «Манас Ааламы».

Буга кошумча, бирикме менен биргеликте ишке ашкан маанилүү долбоорлордун бири - 2015-жылы Чыңгыз Айтматов атындагы көчөнүн ачылышы. Ал эми төрт жыл мурун борбордогу Достук Үйүндө «Айтматовдук окуулар» өтүп, ага 8 өлкөдөн келген жазуучулар, сүрөтчүлөр жана айкелчилер катышкан.

«Бардык кыргыз этномаданий бирикмелеринин (ЭКО) Достук Үйлөрүндө өз кабинеттери бар. Акиматтар чыгармачыл коллективдердин, ийримдердин жана мекенчил, мамлекеттик тилди окуткан класстардын иштешине шарт түзүп берген. Адистер менен мугалимдер айлык акы алышат. Этномаданий бирикмелер улуттук кийимдер, окуу жана методикалык адабияттар менен камсыздалат. Мисалы, 2015-жылы биз кыргыз тилин окутууга арналган „Эне Тили“ аттуу окуу-методикалык комплексин 1000 нускада даярдап, басып чыгардык. Китептер аймактык бирикмелерге таратылды», – деп айтып берди Шавкат Исмаилов.

«Өзгөчө муктаждыктары бар адамдарга бул ишти аткарууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Бизде жумуш күнүнүн 80%ы окутууга жумшалат. Кызматкерлерибиз Эмгек мобилдүүлүгү борбору аркылуу айлык алышат — болжол менен 120 миң теңге. Мындан тышкары, бизде кошумча тапшырыктар да бар, ошентип майыптыгы бар балдар да кошумча акча таба алышат», — деп билдирди Шавкат Исмаилов.

Кичинекей жамаат техниканы өздөштүрүүдө бири-бирине жардам берет. Алардын иш милдеттерин тактап берип турган устаты бар. «Мисал катары бир нече баланы айтып кетсем болот. Бексултан бизде экинчи жылдан бери иштейт, анын үчүнчү топтогу майыптыгы бар. Ал камера менен иштөөнү үйрөнүп бүттү. Азыр болсо видео монтаждоону өздөштүрүп жатат. Же болбосо Айгеримди мисал кылсак - эки айдын ичинде эле микшер менен иштөөнү үйрөндү. Ал жакта 201 баскыч бар, бул анчалык деле жеңил эмес. А биздин Алтынайдын көрүүсүндө бир аз көйгөй бар, бирок биз аны звукооператорлук чеберчиликке үйрөтүүгө басым жасап жатабыз», - деп балдардын жөндөмдөрү тууралуу айтып берди Шавкат Исмаилов.

Этномаданий бирикменин төрагасынын айтымында, бүгүнкү күндө бизнес, улуттук жана транс улуттук компаниялар, банк системасы, медицина жана искусство тармагында иштеген кыргыздардын саны өсүүдө. 40 миңден ашуун казакстандык кыргыз диаспорасынын өкүлдөрү болуп эсептелет. Ошондой эле 16 миңге жакын кыргызстандык Казакстанда жашоого уруксат алган. Туруксуз же оор жагдайга туш болгон мигранттарга Казакстан жана Кыргызстандагы Кызыл Жарым Ай коомдору менен түзүлгөн меморандумдун алкагында жардам көрсөтүлөт. Абалдар ар кандай болот: кээ бирлери мекенине кайтып кете албай калышат - аларга билет сатып беришет, башкалары жол кырсыгына учурап, медициналык жардамга муктаж болушат.

«Мындан тышкары бизде дагы бир долбоор бар - биз Кыргызстандын жазасын өтөп жаткан жарандарына жардам көрсөтөбүз. Айрымдарынын документ жактан көйгөйү бар, башкаларынын үй-бүлөлөрү чет мамлекетте. Биз аларга жакындары менен жолугушуусун уюштурабыз. Кызыл Жарым Ай аркылуу алардын жол киресин төлөп беребиз, мен мекеме жетекчилери менен сүйлөшөм. Бул - соттолгондорду коомго кайтарууда өтө маанилүү кадам. Жакын адамдары алардын адепки жашоого кайтуусуна чоң түрткү болуп, кайталанган кылмыштардын алдын алат», - деп түшүндүрдү Шавкат Исмаилов (https://rus.baq.kz/kak-kyrgyzskoe-etnokulturnoe-obedinenie-v-kazahstane-pomogaet-lyudyam-s-osobymi-potrebnostyami_172058). Казакстандагы кыргыз этномаданий бирикмелеринин ишмердүүлүгү - бул кыргыз диаспорасынын маданиятын сактап, коомдук турмуштагы ордун бекемдөөгө багытталган маанилүү процесс. Бүгүнкү күндө бул бирикмелер маданий гана эмес, социалдык функцияларды да аткарып, өзгөчө муктаждыктары бар жарандарды колдоого, мигранттарга жардам көрсөтүүгө жана кыргыз коомунун биримдигин чыңдоого чоң салым кошуп келет.

**Корутунду.** Бул изилдөөдө Казакстандагы кыргыз диаспорасынын тарыхый калыптанышы, этнографиялык өзгөчөлүктөрү жана этнодемографиялык абалы комплекстүү түрдө талдоого алынды. Тарыхый булактарды жана статистикалык материалдарды салыштырмалуу талдоо кыргыздардын Казакстандын аймагына көчүп баруусу негизинен XIX кылымдын аягынан XX кылымдын биринчи жарымына чейинки саясий, экономикалык жана социалдык факторлор менен шартталганын көрсөттү. Айрыкча көчмөн чарбачылыктын трансформациясы, чек аралардын белгилениши жана советтик доордогу административдик-аймактык өзгөрүүлөр бул процессте маанилүү роль ойногон.

Казакстандагы кыргыздар өздөрүнүн салттуу маданий баалуулуктарын, тилдик өзгөчөлүктөрүн, үй-бүлөлүк каада-салттарын жана этникалык өзүн-өзү таанууну белгилүү деңгээлде сактап кала алганын айгинеледи. Ошол эле учурда, көп улуттуу чөйрөдө жашоонун таасири астында маданий адаптация жана өз ара этномаданий байланыштар күч алган. Бул көрүнүш күнүмдүк турмушта, салттык жөрөлгөлөрдө жана социалдык мамилелерде айкын байкалат.

Этнодемографиялык аспектте кыргыз калкынын санынын динамикасы, жайгашуу географиясы жана жаш курактык түзүлүшү миграциялык агымдар, урбанизация процесстери жана социалдык-экономикалык шарттар менен тыгыз байланышта экени аныкталды. Айрыкча эмгек миграциясы жана аралаш никелер этникалык курамдын өзгөрүшүнө жана идентификация процессине таасирин тийгизип жатат.

Жыйынтыктап айтканда, Казакстандагы кыргыздар тарыхый шарттардын натыйжасында калыптанган, өзүнүн этникалык өзгөчөлүктөрүн сактоо менен бирге, казак коомунун социалдык-маданий мейкиндигине активдүү интеграцияланган диаспора болуп саналат. Бул изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз диаспорасын мындан ары изилдөөдө, айрыкча этникалык идентификация, маданий мурастын сакталышы жана этнодемографиялык өнүгүү маселелерин тереңдетип талдоодо илимий-теориялык жана практикалык мааниге ээ.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Жусупов Кенеш, Кыргыздар: санжыра, тарых, мурас, салт; Бишкек, “Кыргызстан”, 1993;

2. Жанышбек Гүлжигит уулу, кыргыз, 27 жашта, соодагер;

3. Камила Жумабаева, кыргыз, 50 жашта, медайым;

4. Калдыгүл Теребаева, кыргыз, 67 жашта, пенсионер;

5. Сыдыкова К. Кыргыз тарыхы. Илимий-тарыхый эмгек; Бишкек, “Бийиктик”, 2003, 800 б.;

6. Осмонов Ө.Ж., Мырзакматова А.С. Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар; Бишкек, “Педагогика”, 2000. 208 б.;
7. https://youtu.be/Oj5mw_WvI-0?si=s2Pawc0XoWPgqP0n
8. https://kg.archive.kabar.kg/news/kazakstandyk-kyrgyz-kelinder-m-r-n-aiagyna-cheiin-zh-g-n-sh-t/

9. https://rus.baq.kz/kak-kyrgyzskoe-etnokulturnoe-obedinenie-v-kazahstane-pomogaet-lyudyam-s-osobymi-potrebnostyami_172058